**Рыскулов Канатбек Кадыркуловичтин 07.00.02- Ата Мекендик тарых адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты илимий даражасын алуу үчүн берилген «Эгемендүү Кыргыз республикасынын саясий өнүгүүсүнүн тарыхы (1991-2010-жылдар)» темасындагы кандидаттык диссертациясына расмий оппоненти тарых илимдеринин кандидаты, доцент Өмүрова Жүрсүн Касымбековнанын**

**ПИКИРИ**

1. **Дисертациянын актуалдуулугу.**

Диссертациялык изилдөөнүн актуалдуулугу, илимий изилдөөнүн хронологиялык чегине байланыштуу бир катар өзгөчөлүктөрдөн турат. 1991-2010-жылдар Кыргызстандын тарыхында биринчи ирет көз карандысыздык мамлекет катары жарыяланышы, жаңы саясий институттардын түптөлүшү, Президенттик институтунун киргизилиши, парламенттик шайлоолордун өткөрүлүшү, Конституциянын кабыл алынышы, көп партиялуу түзүлүштүн калыптана башташы, демократиялык өнүгүүгө карай багыт алуу, улуттук мамлекеттүүлүктүн символдорунун кабыл алынышы ж.б. жаны саясий элементтердин жарыяланышын жана эгемендүү Кыргыз Республикасынын саясий тарыхынын өнүгүүсүндөгү өзгөчөлүктөрүн изилдөө диссертациялык иштин актуалдуулугун айгинелейт.

Ошондой эле, эгемендүүлүк доордун саясий тарыхын терең талдоо жүргүзүүдө, илимпоздордун, байкоочулардын, мамлекеттик органдардын пикирлерин жана көз караштарын эске алуу менен эл аралык уюмдардын жыйынтыктары аркылуу так илимий жыйынтыктарды чыгарууда, тарыхый булактардагы маалыматтардын аныктыгын, чындыгын салыштырып, тарыхый окуялардын түпкү маңызын, себебин аныктоо менен илимий иштин актуалдуулугун ачып берген.

**2. Диссертацияга коюлган талаптардын чегиндеги илимий жыйынтыктар. Рыскулов Канатбек Кадыркулович** изилдөөнүн жыйынтыктарын, корутунду пикирлерин негиздүү жана ынанымдуу далилдегенге аракет кылган. Ал төмөнкүлөр менен тастыкталып турат: Каралып жаткан диссертациялык иште бир катар жаңы илимий практикалык жыйынтыктарды чыгарган:

*1-жыйынтык.* Талапкер илимий изилдөөнүн тарыхнаамасын 3 топко: саясий өнүгүү тарыхы маселесин изилдеген тарыхы, эгемендик доордогу өнүгүүсүнүн тарыхын изилдеген жаш окумуштуулардын изилдөөлөрүнө да токтолгон, саясат тануучулардын, социологдордун, философтордун, укук таануучулардын жана экономисттердин өлкөдөгү саясий өнүгүү тарыхына арналган эмгектерге бөлүп, ар бирине мүнөздөмө берген. Кыргызстандын саясий өнүгүүсүн изилдеген илимий макалалар менен көлөмдүү эмгектерди баса белгиленген, архивдик документтер, ченемдик укуктук нормативдик документтер, шайлоону өткөрүүнүн тартиби боюнча мыйзам актылары, кодекстер, мезгилдүү басма сөздөгү маалыматтар боюнча тарыхнаамалык эмгектери менен изилдөөнүн булактык базасы талдоого алынган.

КЫРНАЦУНИВЕРСИТЕТ
ВХОДЯЩИЙ № 04-8/79
«18» 04 2025 г.

*2-жыйынтык.* 1985-жылдагы апрель пленумунан кийин, демократиялык маанайдагы алгачкы бейформал уюмдар Москва, Санкт-Петербург шаарларында окушкан студенттердин арасында пайда болгондугун жана бейформал уюмдардын түзүлүшүнө ошол кездеги борбордо жарала баштаган коомдук-саясий кырдаал, өзгөчө Прибалтика республикаларындагы "демократиялык маанай" түрткү болгон деген жыйынтык чыгарган.

*3-жыйынтык.* Эгемендүү Кыргызстандын 1991-2010-жылдардагы саясий өнүгүүсүн изилдөөдө тарыхый-салыштырмалуулук, тарыхый-генетикалык, тарыхый-типологиялык методдорду колдонуп, изилдөөнүн предмети 1991-2010-жж Эгемендүү Кыргыз Республикасынын саясий өнүгүү тарыхын алган. Өлкөдө улуттук маанайдагы кыймылдардын түзүлгөндүгүн баса белгилеп, Президенттик башкаруу системасы киргендигин жана саясий кырдаалдын өнүгүүсү менен 1996-жылдан баштап Президенттик бийликти күчөтүүгө болгон аракеттер байкала баштагандын баса белгилеген.

*4-жыйынтык.* 1996-жылдан баштап эгемендүү Кыргызстандын саясий өнүгүүсү демократиялык жолдон тайып, жеке президенттик бийликти күчөтүүгө аракеттер байкала башталгандыгы. Ошондой эле Президенттик бийликти күчөтүү максатында Баш мыйзамга оңдоолорду жана өзгөртүүлөр 1998-жылы декабрь, 2001-жылы октябрь, 2003-жылы декабрь, 2006-жылы февраль, 2007-жылы октябрда уланып, ал өзгөртүүлөр, толуктоолор референдумдарды өткөрүү жолдору аркылуу ишке ашырылгандыгын талдоого алган.

*5-жыйынтык.* Өлкөнүн саясий турмушундагы орун алган окуялар жеке Президенттик бийлик жана үй-бүлөлүк бийликтин орношуна шарт түзүп, өлкөнүн коомдук-саясий турмушунда гана эмес, социалдык-экономикалык тармагында кризистик абалды тереңдеткенге тийгизген терс таасирин болгондугуна токтолгон.

*6-жыйынтык.* Эгемендик жылдарында Кыргызстандагы көп партиялуулук системасынын калыптанышына массалык демократиялык кыймылдардан өсүп чыккан, саясий кырдаалдын жана талаптардын өзгөрүшү, коомдук демократиялык кыймылдардын жаңы сапатка өсүп чыгышы саясий партиялардын түзүлүшүн шарттагандыгын жана өзгөрүүлөрүн талдоого алган.

**3. Диссертацияда чыгарылган жыйынтыктын (илимий жобонун) корутундусунун негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүгү.**

Изденүүчү алынган илимий жаңылыктарынын негизинде тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын коргоо үчүн төмөндөгүдөй илимий жоболорду сунуш кылган:

*1-жыйынтык.* Диссертацияда тарыхнаамасы үч топко бөлүнүп, тарых багытындагы, саясат тануучулар, философиялык, социологиялык багыттагы жана үчүнчү топтогу коомдук ишмерлердин эмгектери берилди. Коомдук ишмерлердин эмгектеринде парламенттик шайлоолор, 2005-жылдагы март окуясы тууралуу эскерүүлөр, президенттик башкаруунун киргизилиши жөнүндө маалыматтар талдоого алынган. Кыргызстандагы саясий өнүгүү тарыхын талдоого алууда бир катар окумуштуулардын эмгектери терең изилденип, саясий партиялардын жана коомдук кыймылдардын пайда болушу, коомдук абалдын өзгөргөнү белгиленген. Илимий изилдөөдө, Россиялык окумуштуулардын эмгектери да колдонулган.

*2-жыйынтык.* Илимий иштин материалдары, методдору жана методологиясы кенен, изилдөөнүн булак тaануу базасы жетиштүү болгон. Изилдөөнүн илимий чөйрөсүнө кирген тарыхый булактар маалыматты сактоо, изилдөө ыкмаларын колдонуу жана маалымат мүмкүнчүлүктөрү жана өзгөчөлүктөрү боюнча топко бөлүнүп, булактардагы маалыматтарды бири-бирине салыштырып, объективдүү көрүнүштөрдү так көрсөтүүгө

аракет жасалган. Изилдөөнүн пайдаланган методдору жана методологиясы диссертациялык иштин проблемаларын терең жана мазмундуу ачууга мүмкүнчүлүк түзгөн.

*3-жыйынтык.* Кыргызстандыгы көп сандаган партияларды ар кандай критерийлер боюнча идентификация кылууга болот. Маанилүү критерийлердин бири- бул партиялардын бийликке карата болгон мамилесине жараша аларды үч топко бөлүп т.а. өкмөттүк, лоялдуу, радикалдуу-оппозициялык партиялар деп бөлүү жана тарыхы боюнча айрым өзгөчөлүктөрдү байкоого болот. Ал өзгөчөлүктөрдүн катарына: саны көп, бирок курамы аз; бир идеологиялык багыттын эмес, кыска мезгилдеги саясий максатка жетүүнү көздөгөн, шайлоо алдында гана түзүлө калган, региондук гана курамга ээ болгон, айрым жеке лидердин гана айланасында гана түзүлө калган партиялардын бар экендиги белгиленген.Ошондой эле шайлоонун жүрүшү көрсөткөндөй көп партиялар тууpaсында элдин кабары да жок, партиялардын лидерлерин гана биле тургандыгына басым жасалган.

*4-жыйынтык.* Көп партиялуулук институтунун калыптанышы бир канча этаптарды басып өткөндүгүн белгилөө менен партия түзүүдө идеялык кызыкчылык бириктирбестен, бийликке жетүүнү, депутат болууну көздөгөн айрым учурда лидердин партиясы, бийликтин партиясы иштеп жаткандыгын белгилөө керек. Өлкөнүн саясий түзүлүшүн реформалоонун зарылдыгы СССРдин жоюлушу менен көз карандысыздыкка карай багыт алган тенденциялардан улам жаралып, бир партиянын үстөмдүгүнөн арылып, улуттук тарыхты, тилди өнүктүрүүгө максат кылган бейформал уюмдардын, алгачкы партиялардын түптөлүшү, коомдук-саясий өнүгүүнүн закончеnемдүү көрүнүшү экендигин айгинелеген.

*5-жыйынтык.* 1990-жылдардын ортосуна чейин, башкача айтканда А. Акаевдин башкаруусунун биринчи этабында жүргүзүлгөн саясий реформалар демократиялык мамлекетти (башкаруу системасын) куруу багытында өнүксө, А. Акаев экинчи Президенттик мөөнөткө шайлангандан тартып, мамлекетти башкаруу системасында Референдумдар аркылуу Конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизүү жолу менен Президенттин ыйгарым укуктарын ашыра көбөйтүү тенденциясы күч алган. Андан сырткары Конституциянын шайлоо нормаларын жана мыйзамдарды президенттин керектөөлөрүнө туура келтирүү багытында бардык аракеттер жасалгандыгына токтолгон. Ошондой эле бүтүндөй бийлик системасы жана коомдук мамилелер түп тамырынан өзгөрүүгө дуушар болгон, Президенттик институт, парламент, көп партиялуулук сыяктуу жаңы саясий институттар киргизилген жана экономикалык реформалар жүргүзүлгөндүгүн белгилеген.

*6-жыйынтык.* Өлкөнүн саясий тарыхындагы А.Акаевдин, К.Бакиевдин Президенттик башкаруу доору өлкөнү өнүктүрүү боюнча ири стратегиялык пландарды кабыл алып, айрым реформаларды жүргүзүү аракеттери башталгандыгына карабастан, өлкөнүн саясий тарыхында эки президенттин тең башкаруу мезгили "үй-бүлөлүк", "кландык", авторитардык режимдин орношуна алып келген. А.Акаев тарабынан кетирилген саясий өнүгүүдөгү кадр саясатындагы кемчиликтер К.Бакиев мезгилинде да кайталынып, элдин наразычылыгын жаратып келген. Өздөрүнүн жеке бийлигин легитимдештирүү максатында бир канча жолу реформаларды өткөрүп, Конституцияга өзгөртүү киргизилген.

*7-жыйынтык.* 2002-жылдагы Аксы окуясын 2005-жылдын март айындагы элдик революциянын чыгышына өбөлгө жаратып, өлкөдөгү саясий социалдык-экономикалык кризистин жаралып жаткандыгын күбөлөндүрсө, 2005-жылдын 27-февралындагы, 13-марттагы Жогорку Кенешке болгон шайлоонун жыйынтыктары массалык мыйзам бузуулар жана фальсификация жолу менен президенттик партия "Алга, Кыргызстандын" жеңишке жетишиши, Президенттин уулунун жана кызынын депутат болуп шайланышы

революциянын чыгышын тездеткен башкы факторлордун бири катары кароо зарыл деп токтолгон. 2005-жылдын март айындагы элдик революция республиканын түштүк аймагында башталган наразычылык митингдери кыска мөөнөттүн ичинде өлкөнүн бардык аймактарын кучагына алган. Саясий оппозиция да бул кырдаалда активдешип, биригүүгө жетишкен, элдик толкунду жетектөөнү колуна алган. Өлкөдөгү көп жылдан бери орун алып келеген бийлик менен элдин ажырымы, элдин жакырданышы, коррупциянын өсүшү, үй-бүлөлүк башкаруунун орношу, саясий элитанын жиктелиши, терең руханий, нравалык кризис сыяктуу олуттуу көрүнүштөр элдик революциянын чыгышынын башкы себептеринин бири деп баса белгиленген. Региондордон башталып жер-жерлерде бийликти оппозициялык күчтөрдүн колуна өтүшү, элдик революциянын борбордо улантылышы, революциянын кыймылдаткыч күчүн калың эл массасы түзүп, революция элдик мүнөздө жүргөндүгүн айгинелеген. Ошондой эле оппозияциялык күчтөрдүн жардамы менен бийликке келген К.Бакиев өлкөнүн саясий өнүгүү тарыхында А.Акаев тарабынан кетирилген каталардан арыла алган эмес. "Жаны бийлик" революциянын негизги талаптарын аткара алган эмес. 2005-жылдагы март окуясынан кийинки 2 жыл Кыргызстандын саясий өнүгүүсүндө өлкөнүн коомдук-саясий жашоосунун туруксуздугу менен мүнөздөлөт. К. Бакиев башкарган 5 жыл аралыгында 3 Конституция кабыл алынып, 4 өкмөт алмашкан. Бул өлкөдөгү саясий кырдаалдын туруксуздугун көрсөткөн. К. Бакиев мамлекетти башкаруу саясатында А.Акаевдик жолго түшкөн. К.Бакиевдик бийлик тарабынан ички, тышкы саясатта мурдагы режим кетирген кемчиликтердин баары кайталанган , атүгүл тереңдеген (коррупция, мыйзам бузуу жолу менен авторитардык бийликти орнотуу, үй-бүлөлүк, кландык башкаруу, кадр саясатындагы трайбализм, бийлик түзүмүнүн криминал менен ымалалашуусу (сращивание), буйрутма адам өлтүрүүлөр ж.б.). Мына ушул факторлордун жыйындысы "К. Бакиевдик бийликти" күч менен кулаткан 2010-жылдагы апрель окуясына алып келген. Апрель окуясын 2005-жылдагы Март элдик революциясынын "К.Бакиевдик бийлик" тарабынан уурдалган максаттарын ишке ашырууну көздөгөн перманенттик революция катары кароого болот деген.

**4. Диссертациялык иштин илимий жыйынтыктарынын ички биримдигин баалоо.**

Рыскулов Канатбек Кадыркулович "Эгемендүү Кыргыз Республикасынын саясий өнүгүүсүнүн тарыхы (1991-2010-жылдар)" темасындагы 07.00.02 - Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертациялык ишинин кол жазмасында тарых наамалык жана булактык базасы илмий талдоого алынган.

Диссертация киришүүдөн, төрт баптан, 9 параграфтан, корутундудан жана колдонулган адабияттардын тизмесинен турат. Илимий иштин структурасы анын максаттарына жана милдеттерине ылайык келет.

**5.Диссертациянын негизги жоболорун, натыйжаларын жана корутундуларын жарыялоонун жетиштүү толуктугун ырастоо.**

Диссертациянын негизги жоболору жана корутундулары автордун 10 илимий макаласында чагылдырылган жана комиссиясынын кандидаттык окумуштуулук даража берүү боюнча КР УАКтын талаптарына жооп берет.

**5. Автореферattын диссертациянын мазмунуна туура келиши.**

Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна дал келет. Авторефераттын кыргыз, орус жана англис тилиндеги резюмелери бирдей. Жасалгаланышы КР УАКтын талаптарына туура келет.

**7.Диссертациянын мазмуну жана жасалгаланышы боюнча кемчиликтери.**

Диссертациянын артыкчылыктарын белгилеп, бирок бир катар эскертүүлөөрдү берүүгө болот:

- илимий иштин 5 жобосунда 24-март "революциясы", "клandык башкаруунун бекемделиши" натыйжасында жаралган-элдик мүнөздөгү революция"- деп берген, буга т.а. кландык башкаруунун жана элдик мүнөздөгү революция деп тастыктап жаткандан кийин ачык далилдер менен көрсөтсө иштин маанилүүлүгү жогоруламак,

- 7-беттеги 7 жободо элдик толкундоолордун натыйжасында К.Бакиев элге берген убадаларын аткарган жок, тескерисинче авторитардык бийликти орнотуу, "кландык башкаруу"- деп берип жатат жана "апрель перементтик революциясы"-деп берген булмаалыматты ачык далилдер менен толуктаса болмок.

- А.Бекназаровдун "Мен-кыргызмын" аттуу эмгегин илимий эмгек эмес деп баа берген, бирок жыйынтыгында илимий изилдөөдө айырмачылыгы, көз карашынын актуалдуулугуна токтолуу менен оппозициялык маанайдагы саясатчы катарында А.Бекназаровго баа берген, эгерде илимий эмгек катарына кошбосо көз караштын актуалдуугун эмне үчүн баса белгилейт (25-бет).

- 1990-жылдагы "12 чакырылыштагы Жогорку Кеңешке эң биринчи альтернативалык демократиялык шайлоо" деп берген. Муну "Элдин эсинде "легендарлуу парламент" катары калган он экинчи чакырылыштагы Кыргыз ССР Жогорку Совети 1990-жылы шайланган. Ал 1990-жылдын апрелинен 1994-жылдын сентябрына чейин иштеген деп берсе, туура болмок (59-бет),

- Диссертациялык иштин хронологиялык мезгили 1991-2010-жылдар деп көрсөтүлгөн, бирок апрель (2010) окуясы маалымат толук камтылган эмес.

- Илимий иш, граматикалык, тафтологиялык стилистикалык, техникалык редакцияга муктаж, себеби кыргыз альфавитинде, ө,ү, тыбыштары, о,у, деп берилип калган жана "жараян" деген терминдер кайталанган.

**8. КР УАКтын диссертацияларга койгон талабына жооп бериши.**

Рыскулов Канатбек Кадыркулович "Эгемендүү Кыргыз Республикасынын саясий өнүгүүсүнүн тарыхы (1991-2010-жылдар)" темасындагы 07.00.02 - Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты илимий даражасын алууга сунуш кылынган окумуштуулук даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндө жобонун критерийлерине жооп берет, жана анын автору Рыскулов Канатбек Кадыркуловичке 07.00.02 – Ата мекендик тарых адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты илимий даражасын берүүгө татыктуу.

**Тарых илимдеринин кандидаты** **Өмүрова Ж. К.**

17- апрель 2025-жыл.

КАДРЛАР БӨЛҮМУ ОТДЕЛ КАДРОВ

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ